«БЕКИТЕМИН»
И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору, физ-мат. и.к., доцент
Чыныбаев М.Т.
________________________________
«____»_______________2024-ж.

Курманалиев Кубатбек Амановичтин 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдерининин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Гуманитардык жана коомдук илимдер кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Курманалиев Кубатбек Амановичтин тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү» деген аталышындагы илимий ишинде бүгүнкү күндө мамлекеттүүлүктү изилдөөдөгү объективдүү талдоону талап кылган актуалдуу маселелердин бири – кыргыз элинин адегенде автономиялуу область, автономиялык, андан кийин союздук республика статусундагы мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу маселеси жана мамлекеттүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын административдик түзүлүшү экендгин белгилеген. Анткени биринчиден, дал ушул ырааттуу кадамдар 1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздыкты алууда укуктук негиз болуп калган. Экинчиден, эгемендик алгандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтсө да, Кыргызстанда улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн эң татаал процесстери аягына

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 048/62
«18» 11 2024 ж.г.

чыга элек, муну Кыргызстандын Негизги Мыйзамына киргизилген бир катар өзгөртүүлөр жана толуктоолор далилдеп турат.

Диссертант илимий ишинде үстүбүздөгү жылы Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөнүнүн 100 жылдыгы белгиленип жатканда маселенин маанилүүлүгү артып жаткандыгын белгилеп, КР Президентинин "Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө" жарлыгында кыргыз эли жана анын түпкүлүктүү аймагы автономия менен чектелген жаңы өз алдынча мамлекеттик түзүлүштүн алкагында бириктирип, элдин туруктуу аймактык, экономикалык жана маданий жактан жалпы биригүүсүнө өбөлгө түзүп, социалдык-экономикалык кайра түзүү жана элди улутка консолидациялоо процесстерин тездеткенин көрсөткөн.

Илимий иште аныкталган жана талданган материалдарды талдоо азыркы мезгилде ишке ашырылып жаткан Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик түзүлүштүн актуалдуу проблемалары XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүү учурунда келип чыккан жана чечилген көйгөйлөр менен көп жагынан шайкеш келерин көрсөтүлгөн.

Ушуга байланыштуу Кыргызстандагы мамлекеттик түзүлүштүн алгачкы кадамдарынын бай тажрыйбасын ар тараптуу изилдөө жана эске алуу менен административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун заманбап процесстерин ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн өзгөчө мааниге жана актуалдуулукка ээ болоорун аныктаганга аракет кылган.

**1. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

*1-жыйынтык.* Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алган.

*2-жыйынтык.* Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик архиви менен Кыргыз

Республикасынын коомдук-саясий документтер архивинин фондундагы материалдар алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденди жана илимий айлампага киргизилгенин белгилеген.

*3-жыйынтык.* Биринчи жолу изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптанышына жана өзгөрүшүнө шарт түзгөн бир катар тарыхый, географиялык, социалдык-экономикалык, саясий факторлорду аныктаган.

*4-жыйынтык.* Архивдик жаңы тарыхый документтердин негизинде Кыргызстандын Түркстан АССРнин курамындагы жана Кара-Кыргыз автономиялу областынын аймактык түзүлүшүн аныктаган.

**2. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.** Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

*1-жыйынтык.* Административдик-аймактык түзүлүштүн принциптери жана формалары ар бир мамлекеттин эң маанилүү элементи экенин адамзаттын тарыхы ачык-айкын көрсөтүп турат.

*2-жыйынтык.* Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстан Түркстан АССРнин курамына кирип, мурдагы Түркстан генерал-губернаторлугунун мезгилиндеги административдик бөлүнүштү өзгөртүүсүз сактап калган.

*3-жыйынтык.* 1920-жылы эл каттоодо экономикалык маалыматтар менен бирге улуттук-этникалык курамы жөнүндө маалыматтар алынган. Кээ бир болуштуктарда ар кандай себептерден улам эл каттоо жүргүзүлгөн эмес.

*4-жыйынтык.* XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуя болуп калган.

*5-жыйынтык.* Кара-Кыргыз Автономиялу Областын түзүүдө административдик түзүлүш маселеси райондук жана уезддик-болуштук бөлүнүштөрдүн пайдасына чечилген, анын себептери географиялык-

климаттык шарттарды, ошондой эле экономикалык факторлорду эске алуу болгон.

*6-жыйынтык.* Жаңы болуштуктарды уюштуруу жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүү процессинде областтык райондоштуруу комиссиясы айрым болуштуктар боюнча такталбаган, эскирген маалыматтарды көп колдонгон.

*7-жыйынтык.* Административдик-аймактык түзүлүштүн тез-тез өзгөрүшү бийликтин Кыргызстандын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн толук эсепке албастан, бул маселеге үстүртөн мамиле кылганынан улам келип чыккан.

**3. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүлүгүнө баа берүү**

Курманалиев Кубатбек Амановичтин диссертациясынын илимий жыйынтыгы диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Илимий изилдөөнүн материалдары жана корутундулары Кыргызстандын коомдук-саясий тарыхын, анын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхын, башкаруу системасын толуктоого жардам берет. Аныкталган жана илимий жүгүртүүгө киргизилген архивдик материалдар өлкөбүздүн тарыхынын булак базасын толуктайт. Диссертациялык иштин натыйжалары Кыргыз Республикасында административдик түзүлүштү реформалоо жолунда бир нече аспектилерди эске алына турган көрсөтмө катары колдонсо болот. Мындан тышкары диссертациядагы материалды окуу жайларында Ата Мекендин тарыхын окутуу практикасында колдонууга болот.

**4. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык

рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 8 илимий макалада чагылдырылган.

**5. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферattтын мазмуну жана түзүмү диссертацияга толук дал келет. Кыргыз Республикасынын илимий даража берүү жобосунун кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет.

**6. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Курманалиев Кубатбек Амановичтин «Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдерининин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Диссертациялык иштин актуалдуулугун жетиштүү деңгээлде күчөтүп тереңдетүү сунушталат.
2. Илимий тыянактар менен сунушталган жоболорду аргументтештирүү жана күчөтүү керек.
3. Изилдөөнүн методдорун колдонуп жатканда, кайсыл маалыматты кандай методдун жардамы менен алгандыгыңызга түшүндүрмө берсеңиз ашыкча болмок эмес.
4. Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчиликтер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жоюуп УАКтын талаптарына ылайык келтириш керек.

Жогорудагы кемчиликтерге карабастан диссертациялык изилдөө толук аткарылган эмгек болуп эсептелет жана кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет.

**7. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши.**

Курманалиев Кубатбек Амановичтин тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02 – Ата Мекен адистигине туура келет. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Гуманитардык жана коомдук илимдер» кафедрасы Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пункутунда белгиленген “билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөнүн жыйынтыктары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет. Изденүүчү Курманалиев Кубатбек Аманович 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Гуманитардык жана коомдук илимдер» кафедрасынын 2024-жылдын 13-ноябрында өткөн атайын отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол № 3)

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

1. Акунов Алыбек Акунович – т.и.д. (07.00.02), профессор, төрага;
2. Алимова Клара Тойгонбаевна – т.и.к. (07.00.02), доценттин м.а.;
3. Куттубекова Венара Мамбеталиевна – т.и.к. (07.00.07), доценттин м.а.;

4. Кунтубаева Айжамал Ахматбековна – т.и.к. (07.00.02), доценттин м.а.;
5. Малабаев Саламат Касымбекович– т.и.к. (07.00.02), доценттин
6. Бапиев Акматбек Сманалиевич- ф.и.к., доцент ;
7. Исаева Айнура Мукамбетовна – ф.и.к., доцент м.а.;
8. Толобаев Максатбек Шабданович – ф.и.к., доцент;
9. Абылкасымова Гульназ Абазовна – ф.и.к., доцент;
10. Искендерова акылай Кубатбековна-ф.и.к., доцент;
11. Садыкова Гулзат Эркинбековна-к.и.к., доцент;
12. Бийгельдиева Чолпон Акматалиевна-к.и.к., доцент;
13. Балпыкбаева Бактыгүл Асековна-ага окутуучу;
14. Сапалова Аида Усеновна – ага окутуучу;
15. Садыкулов Замир Сабырович – ага окутуучу;
16. Утуров Эркин Закирович – ага окутуучу;
17. Борубаева Фатима Мамшараповна-– ага окутуучу;
18. Байбосунова Раиса– ага окутуучу;
19. Асаналиева Динара Усенгазиевна– ага окутуучу;
20. Исмаилова Айнура– ага окутуучу;
21. Элтинде кызы Эсенкүл – катчы.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Гуманитардык жана коомдук илимдер» кафедрасынын башчысы, т.и.д., профессор Акунов А. А.

Катчы Элтинде к. Э.

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Колун тастыктайм
Адам ресурстар
башкармалыгынын башчысы